**Мугалимдин үнү: Угуу тестин баштайбыз. 1-бөлүктө диалогдун башталышын ук. Андан кийин жооптордун варианттарын окуп, бир туура жоопту танда. Ар бир туура жоопко 1 упай берилет.**

**1-диалогдун башталышын ук.**
(аялдын үнү) – Кечириңиз, сиз кайда иштейсиз?
(эркектин үнү) – Саламаттык сактоо тармагында.

**Мугалимдин үнү: Ал ким болуп иштейт? Бир жоопту белгиле.** (пауза)

**2-диалогду ук.**
(эркектин үнү) – Кечиресиз, бул орун бошпу?
(аялдын үнү) – Ооба, бош.
(эркектин үнү) – Жол кире канча сом?
(аялдын үнү) – Автобуста 17 сом. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

(эркектин үнү) – Кечиресиз, бул орун бошпу?
(аялдын үнү) – Ооба, бош.
(эркектин үнү) – Жол кире канча сом?
(аялдын үнү) – Автобуста 17 сом. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Алар каерде сүйлөшүп жатышат? Бир жоопту белгиле.** (пауза)

**3-диалогду ук.**
(окуучунун үнү) – Саламатсызбы!
(мугалимдин үнү) – Саламатчылык.
(окуучунун үнү) – Мен тапшырманы түшүнгөн жокмун.
(мугалимдин үнү) – Азыр кайра түшүндүрүп берем. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

(окуучунун үнү) – Саламатсызбы!
(мугалимдин үнү) – Саламатчылык.
(окуучунун үнү) – Мен тапшырманы түшүнгөн жокмун.
(мугалимдин үнү) – Азыр кайра түшүндүрүп берем. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Кимдер сүйлөшүп жатышат? Бир жоопту белгиле**. (пауза)

**4-диалогду ук.**
(эркектин үнү) – Саламатсызбы.
(кыздын үнү) – Саламатчылык.
(эркектин үнү) – Мага шорпо жана салат.
(кыздын үнү) – Макул. Дагы эмне аласыз?
(эркектин үнү) – Бир чай.
(кыздын үнү) – Макул, азыр алып келем. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

(эркектин үнү) – Саламатсызбы.
(кыздын үнү) – Саламатчылык.
(эркектин үнү) – Мага шорпо жана салат.
(кыздын үнү) – Макул. Дагы эмне аласыз?
(эркектин үнү) – Бир чай.
(кыздын үнү) – Макул, азыр алып келем. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Адамдар кайсы жерде сүйлөшүп жатат? Бир жоопту белгиле**. (пауза)

**5-диалогду ук.**
(аялдын үнү) – Асан, жылуу кийин. Эртең кар жаайт.
(баланын үнү) – Макул, апа.
(аялдын үнү) – Башыңа тумак кий (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

(аялдын үнү) – Асан, жылуу кийин. Эртең кар жаайт.
(баланын үнү) – Макул, апа.
(аялдын үнү) – Башыңа тумак кий.
**Мугалимдин үнү: Кайсы жыл мезгили? Бир жоопту белгиле. (пауза)**

**Мугалимдин үнү: 2-бөлүктүн текстин ук. Текст 2 жолу окулат. Угуп жатканда тестти аткарууга болбойт. Кунт коюп, түшүнүүгө аракеттен.**

**Түлкү**

Түлкү жырткыч айбан. Кулактары чоң. Тумшугу узун, кууш келет. Куйругу барпайып чоң жана кооз болот.

Түлкү абдан шамдагай жана куу болот. Чымчык же чычкандарга аңчылык кылат. Аларды өлүмүш болуп аңдып жатып кармайт. Эске тутуусу абдан жакшы. Тамактарды таштардын түптөрүнө же топуракка көөмп, кышкыга даярдайт. Кышында адашпай таап жейт. Түлкүнүн баласын бачики дейт. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

**Түлкү**

Түлкү жырткыч айбан. Кулактары чоң. Тумшугу узун, кууш келет. Куйругу барпайып чоң жана кооз болот.

Түлкү абдан шамдагай жана куу болот. Чымчык же чычкандарга аңчылык кылат. Аларды өлүмүш болуп аңдып жатып кармайт. Эске тутуусу абдан жакшы. Тамактарды таштардын түптөрүнө же топуракка көөмп, кышкыга даярдайт. Кышында адашпай таап жейт. Түлкүнүн баласын бачики дейт.

**Мугалимдин үнү: Берилген жооптордун ичинен уккан маалыматка мааниси туура келген бир жоопту танда. (узак пауза)**

**3-бөлүктүн текстин ук. Текст 2 жолу окулат. Угуп жатканда тестти аткарууга болбойт. Кунт коюп, түшүнүүгө аракеттен.**

**Кандай сонун жаз күнү**

Бир мугалим, жаркыраган жаз келип, аба жылып, көчөлөрдөгү дарактар шаардын көркүн ачкан күндөрдүн биринде шаар аралап жүрүп тилемчилик кылып жаткан көзү азиз адамды көрөт. Алдында кутучасынын жанында "Тубаса көр" деген жазуу болот. Байкап турса эч ким кайыр таштабайт имиш. Мугалим ойлонуп, кайырчынын алдындагы жазууну алат да аркасына бир жазуу жазып, адамдарга көрүнгүдөй кылып ордуна коёт. Көчөдөн өтүп баратып, жазууну окугандардын баары көзү азиз адамга көптөн кайыр бере баштайт. Ошончо кишини таасирлентип, көзү азиз адамдын кутусун тез арада толтурууга бир сүйлөм жетиптир. Мугалим мындай деп жазган эле: "Кандай сонун жаз күнү... Бирок мен муну көрө албайм". (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

**Кандай сонун жаз күнү**

Бир мугалим, жаркыраган жаз келип, аба жылып, көчөлөрдөгү дарактар шаардын көркүн ачкан күндөрдүн биринде шаар аралап жүрүп тилемчилик кылып жаткан көзү азиз адамды көрөт. Алдында кутучасынын жанында "Тубаса көр" деген жазуу болот. Байкап турса эч ким кайыр таштабайт имиш. Мугалим ойлонуп, кайырчынын алдындагы жазууну алат да аркасына бир жазуу жазып, адамдарга көрүнгүдөй кылып ордуна коёт. Көчөдөн өтүп баратып, жазууну окугандардын баары көзү азиз адамга көптөн кайыр бере баштайт. Ошончо кишини таасирлентип, көзү азиз адамдын кутусун тез арада толтурууга бир сүйлөм жетиптир. Мугалим мындай деп жазган эле: "Кандай сонун жаз күнү... Бирок мен муну көрө албайм".

**Мугалимдин үнү: Берилген жооптордун ичинен уккан маалыматка мааниси туура келген бир жоопту танда. (узак пауза)**